УДК: 8

Наматова Э.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ МАЕК КЕБИНИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Адамдардын коомдук турмушунда өтө зарыл байланыш каражаты – тил. Ансыз биргелешип, уюмдашып жашоо гана эмес, коомдук өнүгүү да мүмкүн эмес. Ушул негизде тилдин тарткан түйшүгүндөй дүйнөдө эч нерсе жок. Анын түйшүгү эки адамдын мамилесинен баштап, мамлекеттик жана дүйнөлүк деңгээлдеги бардык маселелерди тейлеп, жөнгө салып туруу менен өлчөнөт. Бул түйшүк айтканга оңой сыяктанганы менен, иш жүзүндө теңдеши жок түйшүк.

Адам баласы жараткан бардык нерсе – маданий, саясий, социалдык-экономикалык жетишкендиктердин бардык тармактары, анын ичинде илимдин бардык түрлөрү – тил аркылуу гана (тилдин базасында гана) жаралат, тил аркылуу гана өнүгөт жана тил аркылуу гана оозеки, же жазуу жүзүндө сакталат. Чындыгында, маданият деген жалпы түшүнүккө кирген илимдин да, искусствонун да, кесиптик бардык өнөрдүн да өзүнө гана мүнөздүү тили бар. Тил илиминде ушул тилдердин бардыгы – математиканын тили, химиянын тили, медицинанын тили, сүрөттүн, чийүү-сызуунун тили ж.б. өзүнчө изилденет.

Адамдардын коомдук жашоо-тиричилигинде тил аркылуу пикир алышуусунун формалары да ар түрдүү: болмуштагы көрүнүштөр, кубулуштар, заттар, окуялар, кыймыл-аракеттер, өнүгүү-өсүү процесстери жөнүндө жайынча маалымат, же түшүнүк берүү, же кандайдыр бир иш-аракетке байланыштуу өз ой-пикирин башка бирөөлөргө таңуулоо, мажбурлоо, же кандайдыр бир нерсени билүү максатында пикир алышып жаткан экинчи тараптын ой-сезимин козгоо ж.б. формалары болору белгилүү.

Пикир алышуунун ошондой формаларынын бири – маек кеби (диалог). Маек кеби белгилүү даражада жыйынтыктуу ой-пикирди камтыган тексттин бир формасы болуп саналат.

Маек кеби – тексттин курамындагы айтымдардын биринен сала биринин кезектешип айтылуусунун, башкача айтканда, өз ара тыгыз байланыштагы синтаксистик чакан бирдиктердин жыйындысынан турган пикир алышуу формасы. Синтаксистик ал чакан бирдиктер, негизинен, суроо-жооп түрүндөгү жана ар түркүн интонациянын коштоосу менен тейленген тилдик каражаттар болуп эсептелет. Тилдик каражаттар, жалпы алганда, текстти түзүүчү, калыптандыруучу, жөнгө салып туруучу булак. Дал ушул булактан жаралган тексттин бардык формалары (түрлөрү деген мааниде түшүнүү керек) коммуникативдик милдетти аткарат [1, 18-24].

Текст чындыгында, кеп чыгармачылыгы менен байланыштуу экендиги белгилүү. Ал жөнүндө текстти атайы изилдеген профессор С.Өмүралиева: «Маанилүү бир бүтүндүктү туюндурган, аталышы, башталышы жана аякталышы бар жумурулукка ээ болуп турган, жогорку фразалык маанилүү бирдиктен (айтым – Б. Усубалиев, Т. Маразыковдордо) түзүлгөн, лексикалык, грамматикалык, логикалык өз ара байланыштарга ээ, стилистикалык жанрдын бирине тиешелүү, максаттуу жана прагматикалык мүнөзгө ээ, жазуу түрүндө ишке ашырылган чыгарма текст болот. Анын белгилүү бир темага арналгандыгы негизги критерийлерден болуп эсептелет да, ал кеңири маанисинде мазмунду пайда кылат. Мазмун – тексттин жумурулугун камсыз кылуучу мүмкүнчүлүгү. Ал эми мазмунду (көлөмдүү, же көлөмү чакан) ачып берүү үчүн анын маңызы болуу керек, б.а., маңыз чыгарманын, же тексттин негизги өзөгү, б.а., маңыз – айтыла турган негизги ой» [2, 09].

Ошентип, тексттин жогорку деңгээлдеги бүтүндүк организми темадан, ал теманын жүзүн ачкан мазмундан, анын өзөгү болуп эсептелген маңызынан турат. Тема – мазмунга төп келгенде гана тема, ал эми мазмун теманын ажарын ачканда гана толук кандуу мазмун боло алат. Мына ушуларды тейлеп, иш жүзүнө ашырып турган, грамматикалык,

логикалык жана стилистикалык жактан өз ара байланыштагы фразалык маанилүү бирдиктер (айтымдар, муну чакан бөлүкчөлөр, же кесиндилер деп атоого да болот) материалдык каражат болуп эсептелет. Тексттин бул белгилери маек кебине да толук тиешелүү. Ошондой болсо да, маек кебинин өзүнө гана мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү бар. Бул жөнүндө иликтөөнүн жүрүшүндө ыраатту түрдө сөз болот.

Кандай гана текст болбосун, анын пикир алышуудагы милдетин айныксыз тейлеп, иш жүзүнө ашырып туруучу жана анын бүтүндөй табиятын – жаралышын, уюшулушун, түзүлүшүн ж. б. – шарттап, калыптандыруучу эң эле чакан бирдиктери болот. Ал бирдик кыргыз лингвистикасында айтым деген түшүнүк менен берилип жүрөт [3, 200-202]. Тексттин лингвистикалык жалпы теориясы, анын курамы жөнүндөгү илимий изилдөөлөрдө деле ушул пикирлер, маалыматтар дагы тереңдетилип улантылып жаткандыгы белгилүү [4, 8-9]. Тексттин өзөгүн түзүүчү ушул айтымдар маек кебинин нагыз ядросу болуп эсептелет.

Коомдук турмушта адамдардын пикир алышуусунун абдан ыңгайлуу түрлөрү – монолог жана диалог (маек кеби). Мунун биринчи түрү (монолог) объективдүү чындыктагы көрүнүштөр жөнүндө баяндоо, кабар берүү, же кандайдыр бир билдирүүлөр жасоо иретинде адам ишмердүүлүгүнүн түрдүү тармактарында – көркөм чыгармалардын бардык жанрларында, илимий, расмий, публицистикалык жана иш кагаздарынын стилистикасында, жыйындардагы сөздөрдө, ар кандай аудиториядагы докладдарда, лекцияларда ж.б. кеңири колдонулат. Ал эми маек кеби эки же андан көп адамдардын (кептин бул түрүнө катышуучуларды чектөө мүмкүн эмес. Айрым учурларда бүтүнөй мамлекеттин, же дүйнө элинин катышуусу мүмкүн) пикир алышуусунан уюшулат да, ал суроо-жооп, тапшырма, буйрук берүү, милдеттендирүү же өтүнүү, сурануу, кеңешүү же талаш-тартыш, талкуу, ой бөлүшүү, бир пикирге келүү ж.б. толуп жаткан максатта кеңири колдонулат. Кептин бул түрлөрү оозеки жана жазуу иретинде бирдей эле даражада байланыш-катнашты тейлейт. Анын ишмердүүлүгү эки тараптуу: а) сүйлөө жана жазуу (репродуктивдүү кеп); б) угуу жана окуу (рецептикалык кеп) [5, 8-10]. Маек кеби ушул эки формада – оозеки жана жазуу түрүндө – пикир алышууну ишке ашыруучу тараптар аркылуу (айтуучу, угуучу же жазуучу, окуучу) уюшулат. Экинчи сөз менен айтканда, диалог жандуу кеп (оозеки маек, бетме-бет сүйлөшүү) жана жансыз кеп (жазуу кеби) формасында болот. Диалогдогу жандуу кеп ары уккулуктуу, ары түшүнүктүү, угуучуга абдан эле жеткиликтүү болот, анткени ал түрдүү кошумча интонация менен гана жабдылып айтылбастан, пикир алышуудагы вербалдык эмес мүмкүнчүлүктөр, б.а., ички сезимдерди билдирүүчү жандоо-ымдоолор менен да коштолуп айтылат. Бул жандуу диалогдун жетишкендиги, артыкчылыгы болуп эсептелет. Ал эми жазуу түрүндөгү кепте (жансыз кепте) мындай мүмкүнчүлүктөр болбойт. Ошондой болсо да, жазуу кеби кылдаттык менен ойлонулуп, сөз териштирип, адабий тилдин нормаларын сактап, стилистикалык жактан жатык ыкмалар аркылуу ар бир тилде калыптанган ордун табуу менен ишке ашырылат, башкача айтканда, диалогдогу жазуу кебинин жетишкендиги адабий тилдин стилистикалык нормаларынын сакталышы, сүйлөмдөгү сөздөрдүн ылайыктуу орун алышы болуп эсептелет. Бул тууралуу иштин кийинки жүрүшүндө дагы сөз кылмакчыбыз.

Тил дайыма өнүгүү абалында болору белгилүү. Анын системасында, жогоруда эскертилгендей, пикир алышуунун активдүү бир формасы, ыкмасы болуп эсептелген маек кеби да өнүгүү, өрчүү абалында. Коомдук өнүгүүнүн азыркы абалында кыргыз адабий тилиндеги маек кеби билим берүү жана илимдин бардык тармактарында, ошондой эле саясатта, экономикада, расмий маалыматтарда, иш кагаздарында, маалымат тармактарында (кезектүү басылмаларда, радио берүүлөрдө, телекөрсөтүүлөрдө, телефон байланыштарында) ж.б. колдонулушу анын экстралингвистикалык өнүгүшүн, өзгөчөлүгүн аныктап, ачык-айкын белгилеп турат. Бул жагынан алганда, маек кебин экстралингвистиканын өңүтүнөн, багытынан изилдөөнүн зарылдыгы алда качан эле мезгил талабына коюлган. Ошол эле мезгилде маек кебинин лексикалык курамын,

интонация менен биримдикте фонетикалык системасын жана грамматикалык түзүлүшүн, башкача айтканда, лингвистиканын аспектисинде изилдөө талабы да мезгил тартибинде турат. Ошондой болсо да, маек кебин изилдөөнүн бул эки багыты биримдикте, өз ара тыгыз байланышта каралууга тийиш.

Кыргыз тилиндеги маек кебинин түзүлүшү, максаты, темасы (маек текстинин объектиси), мазмуну ж.б. өтө эле ар түрдүү жана кенен болгондуктан, аны бир эле иликтөө ишинде мүнөздөп, аныктап чыгуу мүмкүн эмес. Маселенин мына ушул жагын эске алып, биз бул чакан ишибизде маек кебинин синтакситик түзүлүшүнө көбүрөөк басым жасап, талдоо жүргүзмөкчүбүз.

Маек кеби – коомдогу социалдык-маданий байланыштын спецификалык формасы, болгондо да, репликалардын кезектешип келүүсү. Бул анын мүнөздүү жалпы белгиси болуп эсептелет. Ушул эле белги маек кебинин синтаксистик түзүлүшүн да шарттап турат. Анткени маектин мазмуну, биринчиден, ар бир учурда аңгемеге катышуучулар (персонаждар) аркылуу бөлүштүрүлгөн түрдө (аңгемеге катышуучуларга тең орток) болсо, экинчиден, бир эле мезгилде аңгемелешүүчүлөрдү сөз болуп жаткан нерсе, окуя, кубулуш, кыймыл-аракет өз ара байланыштырып, ымалалаштырып турат. Мындай жагдайдагы кептин материалдык бирдиктеринде (сүйлөм түзүлүштөрүндө) белгилүү даражада бөтөнчөлүктөр болору тилдик факт-материалдардан байкалып турат.

Маек кеби мезгил жана мейкиндикке байланыштуу. Адам өзүн курчап турган чөйрө менен дайым байланыш түзүүгө, ой бөлүшүүгө, өз оюн билдирүүгө муктаж. Бул муктаждык мезгил, убакыт менен байланыштуу. Ошондуктан адам өзүнүн оюн, сезимин, эркин башка бир адамга билдирүү, же каршысындагы адамдын, же алыскы бирөөлөрдүн билдирген оюна жооп берүү (кат, телефон, радио, телеберүү ж. б. аркылуу) зарылчылыгы келип чыккан учурда сүйлөшүү жаралат, ал сүйлөшүү, негизинен, маектешүү (пикир алышуу маанисинде) аркылуу ишке ашырылат.

Маектешүүчүлөрдүн (коммуникатор, рецепиент) жалпы эле мезгил жана мейкиндиктеги абалы боюнча мындай пикир алышуусун контакттык жана дистанттык (жүздөшүп байланышуу, аралыктан байланышуу) деп шарттуу түрдө айырмалоого болот.

Контакттык байланыш бетме-бет болгондуктан, пикир алышуу абалга, шартка, кырдаалга, кептин ачык, же жашыруун мүнөзүнө жараша вербалдык жана вербалдык эмес формада (ымдоо, жандоо, интонациялык сигнал, же кандайдыр бир иштелип чыккан, макулдашылган белгилер) боло берет. Ал эми дистанттык пикир алышууга коммуниканттардын мезгил, убакыт, мейкиндик (орун-аралык) жактан бири-биринен алыс болгон жагдайлары кирет. Байланыштын бул түрү коомдук өнүгүштүн кийинки, б.а., техникалык жетишкендиктер менен ишке ашырылат (телефон, интернет, радио, телеберүү, кат ж.б.). Техникалык каражаттар аркылуу байланышуу кыска, же узак болушу да мүмкүн. Бул да жагдайга байланыштуу болот.

Мисалы: *Телефон чырр эте түштү, жууруп жаткан камырын таштай чуркаган Мария, күткөн кишиси эмес, атасы менен сүйлөштү:*

- *Алло, Мари…*
- *Угуп жатам, папа.*
- *Алиги, ким эле, сенин жолдош хирургуңдун фамилиясы?*
- *Тагаев, ал эмнеге керек, папа?*
- *Бүгүнкү гезитти карап көрчү, ошол эмеспи?*
- *Карайын, папа.*
- *Мен түштө баралбайм.*

(А.Саспаев).

Техникалык каражат аркылуу байланышууда тилдик кошумча лексикалык бирдиктер (алло, угуп жатам, ким болду экен, бул ким, ооба ж.б.) гана эмес, сүйлөм түзүлүштөрүндө да өзгөчөлүктөр болору байкалат. Мындай өзгөчөлүктөр жөнүндө маек кебинин синтаксистик түзүлүштөрү боюнча атайы өзүнчө бапта сөз кылмакчыбыз.

Ал эми В.Д. Девкин кептик актынын экстралингвистикалык түрү объективдүү жана субъективдүү факторлордон кураларын белгилеген. Эгерде аңгемелешип жаткан адамдар

бири-бирин көрбөсө, б.а., телефон аркылуу, караңгыда, туманда же кандайдыр бир тосмо аркылуу тосулуп турса, анда байланыштын «кинетикалык каналы» - дененин ар кандай кыймылы, мимика, жест – аркылуу түшүндүрүүгө мүмкүн эмес болот да, сөз аркылуу гана көбүнчө атооч сөздөрдү колдонуу зарылчылыгы келип чыгат. Бул - объективдүү фактор.

Конкреттүү тараптардын түздөн-түз пикир алышуусунун формасы катары субъективдүү факторлор да маанилүү. Субъективдүү фактордун эки түрүн айырмалоого болот: салыштырмалуу түрдө, аздыр-көптүр стабилдүү жана кандайдыр бир шарттан улам күтүүсүздөн, алдынала ойлонулбастан келип чыккан туруктуу эмес, өзгөрмөлүү факторлор.

Стабилдүү факторлорго төмөнкүлөр кирет: мамлекеттик, таптык аң-сезим, идеология, таалим-тарбия, моралдык-этикалык көрсөтмөлөр, билим берүү, эрудиция, эстетикалык принциптер, акыл-эс жана кептик жөндөмдүүлүк, психикалык түзүлүш, көңүл коюу, эске тутуу, темперамент, хобби, жаш курак, кызыкчылыгы бирдей болгон топко тиешелүүлүк, өлкөнүн территориясы, идеологиялык позиция.

Өзгөрмөлүү факторлорго: адамдын физикалык жана психикалык абалы кирет: маанай, адамдын ден соолугу, сүйлөшүп жаткан предметке болгон кызыгуу, диалогдун тегерегиндеги берилген суроолордон кабардар болуу, пикир алышуу процессинде кандайдыр бир максатка жетүү ниети [7, 06-09].

В.Д. Девкиндин жогорудагыдай бөлүштүрүүсүнө карап, шарттуу түрдө, объективдүү факторлорго пикир алышуунун дистанттык түрүн, ал эми субъективдүү факторлорго пикир алышуунун контакттык түрүн киргизүүгө болот.

Жогоруда эскертилгендей, маек кеби тексттин өзгөчө бир формасы болуп эсептелет дагы, мындай текст репликалардын суммасынан туруп, дайыма составдуу, бир нече бөлүктөрдөн куралган түрдө кездешет.

Жазуу жана оозеки түрүндөгү тексттин өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар. Оозеки пикир алышуу, эреже катары, контакттык пикир алышуунун белгилери менен байланыштуу, ал эми жазуу түрү болсо дистанттык пикир алышуунун белгилери менен байланыштуу.

Жазуу түрүндөгү текст ой жүгүртүүнүн татаал формалары аркылуу ишке ашат да, сүйлөмдүн обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрү, чакчыл, атоочтук түрмөктөр, бир өңчөй мүчөлөр, структуралык параллелизм, татаал сүйлөмдүн бардык түрлөрү жана башкалар орун алат. Жазуу тексти алдынала ойлонууну талап кылат да, лексиканын жана грамматиканын мыйзамдуу нормаларына төп келет.

Жазуу тексти, оозеки тексттен айырмаланып, оңдоого, кайрадан иштеп чыгууга мүмкүнчүлүгү болот.

Оозеки маек тексти «сүйлөөчү» жана «угуучунун» ролдорунун кезектешип алмашуусу менен ишке ашат. Текст (оозеки маек кеби) жандоо-ымдоолордун коштоосу менен айтылат да, анда сүйлөмдүн бардык түрлөрү, көбүнчө кемтик сүйлөмдөр, ал тургай сүйлөмгө мүчө боло албаган, сүйлөмдүк толук түзүлүштө болбогон сөздөрдүн кездешүүсүнүн натыйжасында, репликалардын синтакситик түзүлүшү салыштырмалуу түрдө кыска жана жөнөкөй болушу, кайсы бир сүйлөм мүчөсүнүн түшүрүлүп айтылышы мүнөздүү. Мисалы: *Карап көрүп, эки терини экинчи сортко, эки терини үчүнчү сортко жазды* (Т.Касымбеков).

Мындан биринчи жөнөкөй сүйлөмгө «жаздым» деген сөз көп деле талап кылынбайт. Түшүрүлүп калган сүйлөм мүчөсүнүн кайсы экендиги бизге контексттен белгилүү (контекстте берилген).

<u>Жаздым</u> деген баяндооч бир гана жолу айтылганы менен ал, чындыгында, бир өңчөй эмес эки кыйыр толуктоочко бирдей даржада теңорток. Бул стилистикалык бир ыкма (метод).

Катышуучулардын санына карай пикир алышуунун жекелик (межличностное) жана массалык (массовое) түрүн айырмалоого болот.

Эки адамдын бири-бири менен, же бир эле адамдын бир нече адамдар менен аңгемелешүүсү «жекелик» коммуникация болуп эсептелет:

*Кадимки Иран даанышманы Бузуржмехр индустун бир даанышманы менен адеп-ахлак тууралуу маектешип отурду:*

*- Кайсы сапат адамды пас мартабадан бийик даражага көтөрөт?*

*- Акыл менен тарбиялуулук.*

*- Адам эмне менен адам боло алат?*

*- Адамкерчилик менен. Эгерде адамда ушул сапат болбосо, анда анын айбандан кенедей айырмасы жок болору шексиз* («Ой гүлдөрү»).

Ал эми бир эле адамдын көп сандагы адамдар менен болгон аңгемелешүүсү массалык коммуникацияны жаратат. Маек кебинин мындай түрүнө басма, радио, телеберүүлөрдү, съезд, конференция, кеңешмелерде, ар түрдүү жыйындырда сүйлөнүүчү сөздөрдү, жалпы эле эл алдына чыгып сүйлөө, лекция, доклад ж.б. кирет. Массалык коммуникация эрежеге таянат да, адабий тилдин нормасында туура сүйлөөнү, лексикалык жана грамматикалык нормаларды, логикалуулукту, тактыкты талап кылат, лексика-стилистикалык каражаттардын колдонулушун ыраатуу сактайт. Массалык коммуникация адабий тилдин нормасында сүйлөө зарылчылыгын жаратпай койбойт. Адабий нормага ээ болуу (адабий тилдин нормасында сүйлөй билүү) жана керектүү, текстке ылайыктуу болгон стилистикалык каражаттарды колдонуу эркиндиги жалпы маданияттан жана билимдүүлүктөн көз каранды.

Интеллект жана кептик ишмердүүлүк кептик курулуштун ар тарабын – логикалуулугун, ыраттуулугун, тактыгын, ишенимдүүлүгүн аныктайт.

«Кеп маданиятында адабий норма менен тыгыз байланышта болгон – кептин тууралыгы эң негизги орунду ээлейт» [7, 15].

Ошондуктан, жалпы билимге ээ болуу же ээ болбоо, адабий тилдин нормасында сүйлөй билүү өз кезегинде жалпы эле тилдин, анын ичинде кыргыз тилинин лексикасына жана синтаксисине таасирин тийгизбей койбойт.

«Биз сүйлөшкөндө дайыма коомдо түзүлгөн сүйлөшүүнүн тигил же бул чөйрөсүндө, функционалдык стилдин кайсы бир түрүндө сүйлөшөбүз. Биздин сүйлөшүүбүз стилден сырткары болбойт. Демек, биз дайыма белгилүү бир стилдин талап-жөрөлгөлөрүнө, закон ченемине ылайык сүйлөйбүз, информация туюндурабыз. Ошентип, биздин сүйлөшүүбүз, сөзсүз, функционалдык стилдин белгилүү бир түрүндө ишке ашат жана ошол стилдин законуна баш иет. Ошондуктан, ар кандай сүйлөшүүдө стилдик өзгөчөлүктөрдүн, максат талаптардын, нормалардын болушу да объективдүү. Мына ушул жагдай биздин сүйлөшүүбүздүн (сүйлөшкөндө түзүлгөн тексттердин) ар түрдүү, ар башка болушунун бир себеби болуп саналат» [5, 09].

Жогоруда ф.и.д. Т.С. Маразыков сүйлөшүү кебин функционалдык стиль менен байланышта караган. Ушул негизде ар кандай шартка, жагдайга жана өз ара мамиленин абалына карата пикир алышуунун жеке жана официалдуу түрүн айырмалоого болот.

Жеке пикир алышуудан айырмаланып, официалдуу пикир алышуу коммуниканттардын мамилесинде, кайсы бир уюмдун, же топтун өкүлү катары эрежелерге таянат. Ошондуктан официалдуу пикир алышуунун тексти дагы так болуп, стереотиптүү компоненттерди (кайталануучу терминдерди) камтыйт. Ал эми кандай гана текст болбосун, функционалдык стилдин бирине тиешелүү. «Функционалдык стиль» жана «текст» деген түшүнүк бирин-бири түзүүчү, бирин-бири шарттоочу карым-катнаштагы түшүнүктөр болуп саналат. Анткени информация текст аркылуу туюндурулгандыктан, бир дагы текст коомдо түзүлгөн сүйлөшүү чөйрөлөрүнөн тышкары, демек функционалдык стилден сырткары түзүлбөйт» [5, 14]. Официалдуу пикир алышуу көбүнчө официалдуу-иштиктүү, илимий-публицистикалык стилде болот да, буга кызматка байланыштуу сүйлөшүүлөр, келишимдер, дипломаттык документтер, протоколдор, официалдуу кагаздар ж.б. кирет.

Мисалы:

*- Ушул тапта канча иш боюнча аларды сотко берип жатасыз?*

*- Үчөө болчу. Үчүнчүсүн Октябрь райсоту четке кагып салды. Бергенимдин себеби, Тоң районундагы «Кумтөр» кенине бараткан жолдун боюндагы айылдардын 160 үйү 40-*

*50 тонналык машиналарынын тынымсыз ары-бери каттаганынын кесепетинен дубалдары жараксыз болуп калган.*

*Экинчиден, ал асфальт жолдордун сапаттуулугу анчалык оор жүккө эсептелинип салынган эмес. Айтып маселе койдук эле, ар бир үйгө 8 миң сомдон жардам каратыптыр. 8 миң сомго кайсы курулуш материалы келет? Күйгүзгөнү ошол умманы дагы эмгиче берише элек…* («Dе-Факто» гезити, № 26 (61), Шейшемби, 22-апрель, 2008.)

Жогорудагы мисал пикир алышуунун официалдуу түрүнө кирет дагы, публицистикалык стилге мүнөздүү.

Жеке пикир алышуу бул күнүмдүк турмуш-тиричиликтеги сүйлөшүү, көбүнчө көркөм адабиятта, драмалык чыгармаларда кездешүүчү маек кеби. Текст сүйлөшүү жана көркөм стилге мүнөздүү:

- Көрбөй турасыңбы? Карачы, жүгөрүнү жуалдыс менен көзөгөм. Көзөнөктөн жип өткөрүп туруп, мына учун түйүп койгом. Эч чыкпайт, мынакей! – Көкө бул эрдигине чын эле дердее түшүп, анан мулуңдап күлүп койду. - Ээ, сен билбейсиң, буга буттуу балык илинет.

- Буттуу балык да болчу беле!..

- Мен табам. Сен айбан бирөөгө айтып коесуң да. Болбосо, мен сага. Чындасам көрсөтүп деле коет элем (Т.Касымбеков).

Жогоруда өзүбүз күбө болгондой,информация алмашуунун эң жөнөкөй түрү маек кеби болгондуктан, жалпы адамзаты жашаган коомдо информацияны туюндуруу көбүнчө маек аркылуу гана ишке ашат.Ал эми маек кеби көркөм чыгармалардын бардык жанрларында, функционалдык стилдин бардык түрлөрүндө кеңири колдонулары шексиз.

**Адабияттар**

1. Мусаев С.Ж. Teксттин коммуникативдик структурасы. Ф.и.д. дисс. авторефераты. –Бишкек, 2000, 18-24-б.

2. Өмүралиева С. Текст: семантика, структура. – Бишкек, 2002, 9-б.

3. Мусаев С.Ж. Кеп маданияты жана норма. – Бишкек, 1999, 200-202-б.

4. Токтоналиев К.Т. Кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик-функционалдык жана интонациялык структурасы. Ф.и.д. дисс. авторефераты. –Бишкек, 2004, 8-9-б.

5. Маразыков Т.С. Тексттеги интеграция. Ф.и.д. дисс. авторефераты. –Бишкек, 2005, 12-15-б.

6. Аширбаев Т., Айтманбетов А. Кеп маданияты. – Бишкек, 2004, 8-10-б.

7. Девкин В.Д. Диалог. – Москва, 1981, -с.6-9.

8. Головин Б.Н. Основы культуры речи. – Москва, 1988, -с.15.